**И. АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

Кол жазма укугунда

**УДК: 37. 013. 43 (575. 2) (043. 3)**

**Джоошбекова Зинагүл Рысбаевна**

# БОЛОЧОК МУГАЛИМДЕРДИ КӨП МАДАНИЯТТУУЛУККА ТАРБИЯЛООНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ (КЫРГЫЗ-ӨЗБЕК ЭЛДЕРИНИН КААДА-САЛТТАРЫНЫН МИСАЛЫНДА)

13. 00. 01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**автореферaты**

**Бишкек – 2023**

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасында аткарылды.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | **Бабаев Дөөлөтбай Бабаевич,** педагогика илимдеринин доктору, профессор, Билим берүүдөгү заманбап маалыматтык технологиялар институтунун эл аралык байланыштар, кызматташтык жана стратегиялык өнүктүрүү боюнча проректору |
| **Расмий оппоненттер:** | **Асипова Нурбубу Асаналиевна** педагогика илимдеринин доктору, профессор, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын башчысы |
| | **Каденова Жаннат Токтомаматовна** педагогика илимдеринин кандидаты, доцент, Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык униврститетинин англис филологиясы кафедрасынын башчысы |
| **Жетектөөчү мекеме:** | К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасы (720000, Бишкек ш., Ч. Айтматов проспектиси, 27). |

Диссертациялык ишти коргоо 2024-жылдын 26-январында саат 16. 00до И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясына караштуу педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.23.662 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот (дареги: 720026, Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51). Диссертацияны коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/132-iro-djs-est.

Диссертациялык иш менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (720026, Бишкек ш., И. Раззаков көчөсү, 51) илимий китепканасынан, Кыргыз билим берүү академиясынын китепканасынан (720040, Бишкек ш., Эркиндик проспектиси, 25) жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын сайтынан (https://vak.kg/) таанышууга болот.

Автореферат 2023-жылдын 26-декабрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**

**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Абдыкапарова А. О.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Азыркы кездеги базар экономикасынын шартында руханий байлыкка караганда материалдык байлыктын алдыңкы орунга коюлушу, өз каада-салттарыбызды танып, чет элдик маданиятка оогондордун көбөйүшү, улуттар аралык мамилелердеги маселелер бир катар көйгөйлөрдү жаратты. Өзгөчө, улуттар аралык чыр-чатактардын алдын алуу өлкөбүздүн стратегиялык өнүгүүсүндө маанилүү болуп саналат. Анткени, өлкөбүздө болуп өткөн улуттар аралык чыр-чатактар көп маданияттуулукка тарбиялоонун зарылдыгын көрсөтүүдө.

Көп маданияттуулукка тарбиялоо маселеси Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө” мыйзамы (160), “Кыргыз Республикасындагы көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү концепциясы” (164) сыяктуу документтерде улуттук саясаттын стратегиялык багыты катары аныкталган.

Азыркы педагогика илим тармагында жаш муундарды көп маданияттуулукка тарбиялоонун ар кандай аспектилери Н. А. Асипова, Л. Г. Веденина, О. В. Гукаленко, Г. Ж. Даутова, А. Н. Джуринский, Г. Д. Дмитриев, О. Г. Жукова, Ю. А. Карягина, Е. А. Леванова, Е. Н. Матюхин, Т. Б. Менская, С. Ч. Наушабаева, В. И. Петрова жана башка окумуштуулардын эмгектеринде каралган.

Кыргыз Республикасында көп маданияттуулукка тарбиялоонун илимий-методологиялык, теориялык жана методикалык негиздери профессор Н. А. Асипованын эмгектеринде (2005; 2015) чагылдырылган. Ал эми башталгыч класс мугалимдерин этнопедагогикалык жактан даярдоонун түрдүү багыттары А. Алимбеков (1990), А. Аттокуров (1990), Н. К. Дюшеева (2001), Ж. Сулайманкулова (2011), Н. С. Шадиев (2011), Г. М. Сидоровалар (2014) тарабынан изилденген.

Илимий адабияттарды талдоонун жыйынтыктары Кыргыз Республикасында жашаган кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде ЖОЖдо болочок башталгыч класс мугалимдерин көп маданияттуулукка тарбиялоо маселелери жеткиликтүү изилдене электигин көрсөттү.

Каралып жаткан маселе боюнча педагогикалык теория жана практикадагы абал төмөндөгүдөй **карама-каршылыктар** бар экендигин көрсөттү:

– көп маданияттуу чөйрөдө иштөөгө даярдыгы бар башталгыч класстын мугалимдерине болгон муктаждык менен ЖОЖдордо студенттерди бул багытта тарбиялоонун ырааттуу системасынын жетишсиздиги;

– ЖОЖдордо кыргыз-өзбек элдеринин улуттук каада-салттарынын негизинде болочок башталгыч класс мугалимдерин көп маданияттуулукка тарбиялоонун натыйжалуулугун жогорулатуу зарылдыгы менен аны ишке ашыруунун илимий-методикалык негиздеринин иштелип чыкпагандыгы.

Теманы тандоо дал ушул жагдайлар менен шартталып анын проблемасы «Болочок мугалимдерди көп маданияттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары кандай?” – деп таризделди.

Жогоруда белгиленген жагдайлар «Болочок мугалимдерди көп маданияттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары (кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын мисалында)» деген теманы тандап алууга негиз болду.

**Диссертациянын темасынын ири илимий-изилдөө программалар (долбоорлор) жана илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин педагогика жана психология кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин тематикалык пландарынын алкагында 2015-2022-жылдар аралыгында аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты:** болочок башталгыч класс мугалимдерин кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде көп маданияттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттарын аныктоо жана эксперимент аркылуу текшерүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. ЖОЖдо болочок башталгыч класс мугалимдерин кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде көп маданияттуулукка тарбиялоонун теориялык негиздерин, маңызын, мазмунун аныктоо.

2. Болочок башталгыч класс мугалимдерин кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде көп маданияттуулукка тарбиялоонун түзүмдүк компоненттерин, критерийлерин жана деңгээлдерин айкындоо.

3. Кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде болочок башталгыч класс мугалимдерин көп маданияттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттарын жана аны ишке ашыруунун теориялык моделин иштеп чыгуу, педагогикалык экспериментте текшерүү жана илимий жактан негизделген практикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:** 1. ЖОЖдо болочок башталгыч класс мугалимдерин кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде көп маданияттуулукка тарбиялоо теориялык жактан негизделип, «көп маданияттуулук» мугалимдин инсандык жана кесиптик интегралдык сапаты катары аныкталды; кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде болочок башталгыч класс мугалимдеринин көп маданияттуулугунун түзүмдүк компоненттери (мотивациялык, когнитивдик, баалоочу-мазмундук, иш-аракеттик), критерийлери, көрсөткүчтөрү жана (төмөнкү, ортоңку, жогорку) деңгээлдери негизделип, айкындалды; болочок башталгыч класс мугалимдерин кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде көп маданияттуулукка тарбиялоо процессинин натыйжалуулугун камсыз кылган педагогикалык шарттар, теориялык модель иштелип чыкты жана натыйжалуулугу педагогогикалык экспериментте тастыкталды.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык мааниси.** Изилдөөнүн теориялык жоболорун жана методикалык материалдарын ЖОЖдун

окутуучулары болочок башталгыч класс мугалимин көп маданияттуулукка тарбиялоо иштеринде колдоно алышат. “Болочок мугалимдерди окуучуларда көп маданияттуулукту калыптандырууга тарбиялоо” аттуу иштелип чыккан тандоо курсунун материалдарын башталгыч класс мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу курстарында колдонуу аларды көп маданияттуулукка тарбиялоого көмөк көрсөтөт.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. Болочок башталгыч класс мугалимдерин кыргыз, өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде көп маданияттуулукка тарбиялоонун теориялык негиздери, проблеманын теориядагы жана практикадагы абалы, проблеманын базалык түшүнүктөрү боюнча тактоолор, болочок башталгыч класс мугалимдеринин көп маданияттуулукка тарбиялангандыгынын мүнөздөмөсү.

2. Болочок башталгыч класс мугалимин көп маданияттуулукка тарбиялоодо кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын тарбиялык потенциалы – тарбиялоонун табигыйлыгы, муундардын байланышын, өткөндүн, азыркы учурдун жана келечектин биримдигин болжолдоп, төмөнкү структуралардын – «салт-маданият-билим-руханий-инсан», өз ара байланышына негизделет.

3. Болочок башталгыч класс мугалиминин кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде көп маданияттуулукка тарбиялангандыгынын структуралык компоненттери (когнитивдик, мотивациялык, баалоочу-жыйынтыктоочу, иш-аракеттик), критерийлери, көрсөткүчтөрү жана деңгээлдери (төмөнкү, ортоңку, жогорку); көп маданияттуулукка тарбиялоонун натыйжалуулугун арттырууга багытталган максаттык, мазмундук, технологиялык, баалоочу-жыйынтыктоочу жана натыйжалык блоктордон турган теориялык модели жана педагогикалык шарттар (окуу-тарбия иштеринин мазмунун кыргыз, өзбек элдеринин каада-салттары менен байытуу; “Болочок мугалимдерди окуучуларда көп маданияттуулукту калыптандырууга тарбиялоо”деп аталган тандоо курсун киргизүү; ЖОЖдо көп маданияттуу тарбия берүүнү көздөгөн ар түрдүү иш-чараларга коомчулуктун кеңири массасын катыштыруу; маалыматтык технологиянын мүмкүнчүлүктөрүн кеңири колдонуу). Иштелип чыккан «Болочок мугалимдерди окуучуларда көп маданияттуулукту калыптандырууга тарбиялоо» деп аталган тандоо курсунун мазмуну, эксперименталдык иштердин жыйынтыктары жана иштелип чыккан практикалык сунуштар.

**Изденүүчүнүн жекече салымы:** Автордун жеке салымы жумушта белгиленген теориялык жана эксперименталдык изилдөөлөрдүн бардык аспекттерин өз алдынча жүргүзүүдө, анын ичинде теориялык моделдерди, педагогикалык шарттарды негиздөөдө аларды эксперименттен өткөрүүнүн ыкмаларын иштеп чыгууда, натыйжаларды талдоо жана аларды диссертациялык текст, макала катары жалпылап чыгууда турат.

**Изилдөөнүн натыйжаларын апробацияланышы жана тастыкталышы.** Изилдөөнүн натыйжалары ОшМУнун педагогика жана психология кафедраларынын (2016-2022-ж. ж. ) отурумдарында, республикалык илимий-практикалык конференцияларда (Ош, 2006-2022; Бишкек, 2011-2022) илимий билдирүүлөр жасалды. Илимий макалалар "ОшМУнун Жарчысы" (Ош, 2005-2022), И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы" (Бишкек, 2011, 2021), "Наука, технологии и инновации Кыргызстана" (2018, 2021, 2022), Вопросы устойчивого развития общества" (Саратов, 2021, 2022), "Актуальные вопросы образования и науки" (Архангельск, 2021), "Парадигмальные установки естественных и гуманитарных наук" (Ростов-на-Дону, 2021) илимий журналдарында жарык көргөн. Изилдөөнүн жыйынтыктары ОшМУнун Педагогика жана психология, Б. Сыдыков атындагы КӨЭАУнун Гуманитардык-педагогикалык факультеттеринин окуу-тарбия иштеринде, областтык мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо курстарында колдонулууда.

**Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышы.** Изилдөөнүн багыты боюнча 29 макала, алардын ичинен 1 макала SKOPUS журналында, 5 макала Россиядан РИНЦ системасында, калган макалалар Кыргыз Республикасынын УАКнын тизмесиндеги жергиликтүү басылмалардан (РИНЦ) жарык көрдү, мындан сырткары 3 методикалык колдонмо басылып чыкты.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, үч баптан жана алардан келип чыккан тыянактардан, жалпы корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, тиркемелерден турат, анын ичинде 15 таблица, 1 сүрөт, 6 тиркеме камтылган. Жалпы көлөмү – 185 бет.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилдөөнүн актуалдуулугу, максаты, милдеттери, илимий жаңылыгы, практикалык мааниси, коргоого сунушталган жоболор, аткарылган ишке изденүүчүнүн кошкон жеке салымы жана диссертациялык иштин түзүлүшү, көлөмү көрсөтүлгөн.

«**Болочок мугалимдерди көп маданияттуулукка тарбиялоонун теориялык негиздери**» деген аталыштагы **биринчи бапта** изилдөөнүн биринчи милдетине таандык каралып жаткан маселенин негизин түзгөн "маданият", "көп маданияттуулук", "тарбиялоо" "көп маданияттуулукка тарбиялоо", "көп маданияттуу билим берүү" сыяктуу түшүнүктөр алардын ортосундагы байланыштар талдоого алынып, теманын илимдеги изилдениш абалы айкындалган. Маданият акыл-эс, билим, абийир, уят сыяктуу түшүнүктөр менен байланышта болгон категория катары философияда, тарыхта, лингвистикада, антропологияда, искусство таануудa, педагогикада каралып келет. Жалпысынан "маданият" деп адам баласы өзү иштеп чыккан, бирок негизги максаты материалдык жактан пайда табууну көздөбөгөн

нерселердин баарын, анын ичинде көркөм өнөрүн, сөз байлыгын, кийген кийиминен тартып жүрүм-турум эрежелерине чейин бардыгын чогуу түшүнөбүз. Маданияттын негизи күчтүү болгондуктан, жашоого тийгизген таасирин, тарбиялык маанисин жоготпой, адамдын акылы менен табият мыйзамын биримдикте сактап таза асылдыкты коомдук мамилелерге эреже кылып берет.

М. М. Бахтин жана В. С. Библердин эмгектеринде маданияттардын диалогу феноменин өзгөчө баалуулук катары кароого негиздер бар. Алардын эмгектеринин негизинде ар бир улут бирдей, ар бир маданияттын өзүнүн кайталангыс өзгөчөлүктөрү, баалуулуктары, каада-салттары бар, аларды сыйлоо жана кабыл алуу керек. Жер бетиндеги элдердин жана маданияттардын көп түрдүүлүгү бирдиктүү дүйнөлүк мейкиндикте диалогдун жана биримдиктин маанилүү миссиясын алып жүрөт. Гуманисттик принциптердин негизинде бири-бири менен өз ара баарлашып, биринин маданиятын бири байытуу, тажрыйба топтоо түрдүү этносттордун өздүк иденттүүлүгүн жоготпойт, тескерисинче тынчтыкта, өз ара түшүнүүчүлүктө гармониялуу жашаган бакубат коомдун түзүлүшүнө алып келет.

Ошондуктан көп маданияттуулукка тарбиялоо тарыхта бардык педагогдордун (Я. А. Коменский, А. Дистервег, К. Д. Ушинский, П. Ф. Каптерев, В. А. Сухомлинский) назарын бурган орчундуу проблемалардын бири катары каралып келген. XX кылымдын 60-жылдарынан баштап көп маданияттуу билим берүү жана тарбиялоо маселеси педагогикада өз алдынча предмет катары изилдене баштаган. Илимий адабияттарда көп маданияттуулукка тарбиялоо түшүнүгүнө окумуштуулар тарабынан бир кыйла аныктамалар берилген (Н. А. Асипова, Д. Н. Григорьев, А. Н. Джуринский, Н. В. Поликашева, И. Ю. Троицкая ж. б. ). Адабияттар арасында изилдөөбүздүн мазмунунун айрым аспекттерине тиешелүү А. Мурзакметовдун Кыргызстанда жашаган өзбектердин каада-салттарынын кыргыздар менен жалпылыктарына арналган эмгеги (Ош, 2012) жана О. Г. Кимдин корей жана кыргыз макалдары аркылуу көп маданияттулукка тарбиялоо проблемасы боюнча диссертациялык изилдөөсү ( Бишкек, 2011) өзгөчө мааниге.

Жогорудагы илимде калыптанган көз караштарды талдоо, баалоонун негизинде бир катар корутундуларды жасоого болот. Көп маданияттуулукка тарбиялоо коомдук мааниге ээ, дүйнө таанымдык-культурологиялык, толеранттуу-гуманисттик, эмоционалдык-конструктивдүү, рефлексиялык-активдүүлүк, социалдык-идентификациялык функцияларды аткарат. Көп маданияттуулук – болочок мугалимдин көп маданияттуу чөйрөдө ийгиликтүү жашап жана иштөөгө, маданий айырмачылыктарды туура кабыл алып, өзүнүн үлгүсү аркылуу жаш муундарда башка улуттардын каада-салттарын урматтоо, баалоо ыкласын жана алар менен өз-ара мамиледе толеранттуулугун тарбиялоого билим жана тажрыйба жактан

жеткиликтүүлүгүнүн мүнөздөмөсү болуп эсептелет. Ар кандай улуттук маданият башка маданияттар менен алака катышта гана гармониялуу өнүгө алат. Бул процесске маданияттагы айырмачылыктар тоскоол болбойт, тескерисинче адамдардын руханий дүйнөсүн, жүрүм-турумунун мазмунун байытат.

Аааламдашуу алкагындагы бул процесстердин акыйкатына шайкеш келген көз караштар кыргыз жана өзбек элдеринин макалдарында да ырасталат. Кыргыздардын *«Жел желге кошулса жут, эл элге кошулса кут»* - деген улут аралык мамиле маданиятынын кодекси өзбектердин *«Дўстсиз бошим – тузсиз ошим»* («Досу жок башым, тузсуз ашым»), *«Балик сув билан тирик, Одам– эл билан» («Балык суу менен тирүү, адам – эл менен»), «Бахк сувсиз яшамас, Инсон– дустсиз» («Дарак суусуз жашай албайт, адам – доссуз»), «Давлатинг – дустинг» («Мекенин – досуң»), «Арпа-бугдой бир күнинга ярайди, Содик дустинг улгунингча ярайди» («Арпа буудай бир күнүңө жараса, чыныгы досуң өлгөнүңчө кызмат кылат»)* деген макалдарында чагылдырылган.

Биз изилдөөгө алып жаткан мугалимдердин башкы милдеттеринин бири – башталгыч класс окуучуларын тарбиялоодо канатташ, бир абадан дем алып, бирдей табийгый, маданий, саясий, экономикалык чөйрөдө, бир мамлекетте жашап жаткан, тарыхы, тили тектеш, дини бир, боордош өзбек улутунун өкүлдөрүнүн каада-салттарын баалоо, урматтоо, айырмачылыктарына толеранттуу мамиле жасоо болуп эсептелет. Көп маданияттуулукка тарбиялоонун бул талаптары, мугалимдин инсандыгынын өрнөк үлгүсү аркылуу гана балдардын ишенимине кирип, чындыкка айланат. Башкача айтканда, мугалимдин көп маданияттуулукка тарбиялангандыгы башталгыч класс окуучуларын көп маданияттуулукка тарбиялоонун натыйжалуулугунун эң башкы кепилдиги болот.

ЖОЖдо болочок башталгыч класс мугалимдерин көп маданияттуулукка тарбиялоонун маңызы – толеранттуулукка тарбиялоо, аң-сезимдүү адамдын табиятына, демократиялык баалуулуктарга, укуктук, жарандык коомдун артыкчылыктарына таянган улуттук жана дүйнөлүк маданияттар менен тааныштыруу, аларды урматтоо сезимин өнүктүрүү, көп улуттуу чөйрөдө түрдүү диний ишенимдердин өкүлдөрү менен тынчтыкта жана ынтымакта жашоо жөндөмдүүлүгүнө ээ болушу менен аныкталат.

**Экинчи бап «Болочок башталгыч класс мугалимдерин көп маданияттуулукка тарбиялоону изилдөөнүн методологиясы, методдору жана материалдары»** деп аталып изилдөөнүн методологиялык негиздери, методдору, педагогикалык шарттары, теориялык модели аныкталды. ЖОЖдун таалим-тарбия мейкиндигинде болочок мугалимдерди көп маданияттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттарын, теориялык моделин аныктоодо аксиологиялык, системалык, инсанга багытталган, диалогдук, чөйрөлүк, маданиятка багытталган мамиле жасоо сыяктуу методологиялык принциптерди жетекчиликке алдык.

**Изилдөөнүн обьектиси** – жогорку окуу жайларда болочок башталгыч класс мугалимдерин тарбиялоо процесси.

**Изилдөөнүн предмети** – болочок башталгыч класс мугалимдерин кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын мисалында көп маданияттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары.

Изилдөөнүн милдеттеринин айрым бөтөнчөлүктөрү айрымалуу изилдөө методдорун колдонууну шарттады. Диссертациянын проблемасына байланыштуу түптүү түшүнүктөрдү, түрдүү булактарды (расмий документтер, илимий эмгектер, оозеки чыгармалар, этнографиялык хрестоматиялар), окуу, тарбиялык иш кагаздарды талдоодо "документ анализи" методун колдондук. Студенттердин көп маданияттуу чөйрөдөгү жүрүм-турумунун позитивдүү динамикасын айкындоо байкоо методу аркылуу жүргүзүлдү. Ал эми баштапкы абалды аныктоо жана аны өзгөртүүнү моделдештирүү аркылуу иштелип чыккан педагогикалык каражаттардын натыйжалуулугун тастыктоо эксперименталдык жумуштардын этаптары аркылуу жүргүзүлдү.

Кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттары болочок мугалимдерди көп маданияттуулукка тарбиялоонун каражаты катарында каралды. Элдик каада-салттардын тарбиялык милдеттеринин өзгөчөлүгү элдин турмушу менен байланышта болуп, үй-бүлөдө адамдын бала кезинен эле аң-сезимине, жүрүм-турумуна түздөн-түз таасирин тийгизгендиги менен бааланат. Айрыкча бир аймакта кошуна, бирге жашаган элдердин мамилелеринин жакшы болуусу, бири-бирине оң таасир этүүсү үчүн каада-салттардын негизинде көп маданияттуулукка тарбиялоо абдан маанилүү болуп эсептелет.

Илимий булактардагы, изилдөөнүн натыйжаларына таянуу менен **педагогикалык шарт** – милдеттерди чечүүгө анын мазмунуна жана методологиялык жабдылышына тиешелүү болгон педагогикалык процесстердин ишке ашырылуучу мүмкүнчүлүктөрү экендиги иликтенди. Болочок башталгыч класс мугалимдерин көп маданияттуулукка тарбиялоонун натыйжалуулугун арттырууда коюлган максатты жана милдеттерди чечүүнү камсыз кылуучу мазмунду, формаларды, методдорду жана каражаттарды талдап чыгуу менен педагогикалык практикада аларды колдонуунун жагдайлары аныкталды. Изилдөөнүн жүрүшүндө төмөндөгүдөй педагогикалык шарттар аныкталды:

1 Окуу тарбия иштеринин мазмунун кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттары менен толуктоо;

2. "Болочок мугалимдерди окуучуларда көп маданияттуулукту калыптандырууга тарбиялоо" деп аталган тандоо курсун киргизүү;

3. ЖОЖдо көп маданияттуу тарбия берүүнү көздөгөн иш-чараларга коомчулуктун кеңири массасын катыштыруу;

4. Маалыматтык технологиянын мүмкүнчүлүктөрүн кеңири колдонуу.




**2.1-сүрөт. Болочок башталгыч класстын мугалимин көп маданияттуулукка тарбиялоонун модели**

Изилденип жаткан процесстин теориялык моделин түзүү педагогикалык шарт катары көп маданияттуу болгон жогорку окуу жайда болочоктогу башталгыч класстын мугалимдерин тарбиялоонун стратегиясын жана тактикасын аныктоого жардам берет.

Илимий көз караштарга таянуу менен теориялык моделди болочок башталгыч класс мугалимдерин кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде көп маданияттуулукка тарбиялоонун натыйжалуулугун камсыз кылуучу көз караштар жана практикалык иш чаралардын өз ара байланыштагы тутуму катары кароого болот. Анын максаты – болочок башталгыч класстын мугалимдерин кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде көп маданияттуулукка тарбиялоо болуп эсептелет. Бул моделдин башатында үзгүлтүксүздүк (салттарды эсепке алуу жана өнүктүрүү, билим берүүнүн позитивдүү тажрыйбасына таянуу); гуманизм (окуучунун инсандык баалуулугун, өз укугун таануу, инсанды жана анын жеке позициясын сыйлоо); толеранттуулук (башкалардын айырмачылыгына сабырдуулукка тарбиялоо); теория менен практиканын байланыштары (окуучуларды симуляциялык жана реалдуу ишмердүүлүктүн ар кандай түрлөрүнө активдүү тартуу) сыяктуу принциптер турат. Моделди түзүү, даярдоо, диагноздоо, талдоочу жана прогноздоочу моделдөө, моделди ишке ашыруу, өркүндөтүү сыяктуу бир нече этаптан турду. Педагогикалык процессти моделдештирүүдө кесиптик багыт берүүгө мамиле кылуунун багыттарынын негизинде «Болочок башталгыч класстын мугалимдерин көп маданияттуулукка тарбиялоо» модели даярдалды. Бул моделдин түзүмдүк блоктору төмөнкүлөр: методологиялык, максаттык, мазмундук, технологиялык, баалоочу-жыйынтыктоочу, натыйжалык (2. 1-сүрөт).

**Методологиялык блок** – болочок башталгыч класс мугалимдерин көп маданияттуулукка тарбиялоонун баштапкы жоболорун принциптерин аныктайт.

**Максаттык блок –** болочок башталгыч класс мугалимдерин көп маданияттуулукка тарбиялоонун стратегиясынын жана милдеттеринин тутуму.

**Мазмундук блок –** болочок башталгыч класс мугалимдеринин көп маданияттуулукка тарбиялангандыгынын түзүмдүк компоненттеринен турат. Ааламдашуунун жана коомдогу өзгөрүүлөрдүн багыттарын эске алуу менен аныкталган педагогикалык шарттардын, көп маданияттуулукка тарбиялоодо мааниге ээ болгон билим, билгичтиктер, көндүмдөрдүн жана көз караштардын системасын, алардын даярдыгын калыптандырууну уюштуруу формаларын, методдорун, каражаттарын жана ишти жөнгө салуучу диагноздоодон, прогноздоодон турган технологияны камтыйт.

**Педагогикалык шарттар –** болочок башталгыч класс мугалимдерин кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде көп маданияттуулукка тарбиялоо процессинин натыйжалуу жүрүшүн камсыз кылуучу сырткы таасирлердин тутумунан турат.

**Технологиялык блок –** болочок башталгыч класс мугалимдерин көп маданияттуулукка тарбиялоонун формаларын, методдорун жана каражаттарын камсыздайт.

**Форма** – болочок башталгыч класс мугалимдерин кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде көп маданияттуулукка тарбиялоо иш-аракетинин натыйжалуулугун камсыз кылууга багытталган иштин жекече, топтук жана массалык түрү менен аныкталат.

**Методдор –** болочок башталгыч класс мугалимдерин кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде көп маданияттуулукка тарбиялоодо колдонулган аң-сезимди калыптандырууга багытталган методдор (аңгемелешүүлөр, лекциялар, диспуттар, үлгү методдору), иш-аракетти жана коомдук жүрүш-туруш эрежелерин калыптандырууга багытталган методдор (педагогикалык талап, коомдук пикир, көнүгүү, өрнөк окуяны талдоо), стимулдаштыруучу методдор (мелдеш, алкоо) маалыматтык-справкалык методдор.

**Каражаттар –** кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарын чагылдырган материалдар (макалдар, эпостор, оюндар элдик майрамдар, элдик ырлар, көркөм өнөр ж. б.)

**Баалоочу-жыйынтыктоочу блок** – болочок башталгыч класс мугалимдеринин мотивациялык, когнитивдик, баалоочу-мазмундук, иш-аракеттик компоненттерин жана көп маданияттуулукка тарбиялоо ишинин жалпы жана атайын принциптерине таянуу менен алардын критерийлерин, деңгээлдерин көрсөтөт.

**Натыйжалык блок –** болочок башталгыч класстын мугалимдеринин кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде көп маданияттуулукка тарбиялангандыгынын деңгээлдик көрсөткүчтөрү.

ЖОЖдордо болочок башталгыч класстын мугалимдерин кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде көп маданияттуулукка тарбиялоодо ар бир компоненттин өзүнчө орду бар, бирок алар биримдикте каралганда гана процесс натыйжалуу, эффективдүү болот.

**Үчүнчү бап «Педагогикалык экспериментти уюштуруу жана анын жыйынтыктары»** деп аталып болочок башталгыч класс мугалиминин көп маданияттуулукка тарбиялангандынын мотивациялык, когнитивдик, баалоочу-мазмундук, иш-аракеттик компоненттери жана критерийлери аныкталды (3.1-таблица).

**3.1-таблица – Болочок башталгыч класстын мугалимдеринин көп маданияттуулугунун компоненттери жана критерийлери**

| Компоненттер | Критерийлер |
|---|---|
| Мотивациялык | -кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарына өз-ара кызыгуусу;<br>коомдогу жаңы шарттарды эске алуу менен кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарын үйрөнүү ыкласы, мотивациясы; |

| | |
|---|---|
| | - кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарын үйрөнүүнүн педагогикалык ишмердүүлүгүндөгү маанисин түшүнүүсү;<br>- кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарына карата оң мамилеси; |
| Когнитивдик | -кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарын жана алардын өзгөчөлүктөрүн билиши;<br>-кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын социалдык-педагогикалык маанисин түшүнүүсү;<br>-кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын перспективасы боюнча билимдердин калыптанышы;<br>-кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарын таанып-билүүгө болгон кызыгуусунун калыптанышы ;<br>-улут жана этнос, кыргыз жараны тууралуу билиминин болушу;<br>-Кыргызстан – көп улуттуу өлкө экендиги жөнүндө билиши;<br>-көп маданияттуулукту жана анын маанисин билиши. |
| Баалоочу-мазмундук | кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттары тууралуу билимин өзүн-өзү баалоонун, текшерүүнүн калыптанышы;<br>кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын инсан катары калыптануудагы жана кесиптик жактан өнүгүүсүндөгү маанисин түшүнүү;<br>кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттары тууралуу жаңы билимдерди алуунун, талдоонун, жыйынтыктоонун билгичтиктерине ээ болушу;<br>кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарын өздөштүрүүгө керектөөсүн аныктай билүүсү;<br>улуттар аралык тынчтыкта жана ынтымакта жашоого маани берүүсү. |
| Иш-аракеттик | - кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарын үйрөнүү боюнча өз ишин пландаштыра алуусу;<br>- окуу жайда өткөрүлгөн иш-чараларга активдүү катышуусу;<br>- кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттары тууралуу өз ишин талдап жана жыйынтыгын өзү баалай алуусу;<br>- кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде жүрүм-турумун башкара билүүсү;<br>- башка улуттун улуттук баалуулуктарын өз алдынча окуп үйрөнүүсү;<br>- башка улуттун өкүлдөрү менен мамиле түзө билүүсү;<br>- кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарын колдонуу боюнча көндүмдөргө, билгичтиктерге ээ болушу. |

Изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталган критерийлерге таянуу менен болочок башталгыч класс мугалимдеринин кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде көп маданияттуулукка тарбияланыш компоненттеринин калыптануусунун жогорку, ортоңку, төмөнкү деңгээлдери аныкталды. Анкетада ар бир компонентке 10 суроо берилген, ар бир суроого 10 балл берилген. Мында жогорку деңгээл 81-100 балл, ортоңку 61-80 балл, төмөнкү 1-60 баллды түзгөн (3.2-таблица).

**3.2-таблица – Көп маданияттуулуктун компоненттеринин негизги көрсөткүчтөрүнүн деңгээлдери**

| Компонент-тер | Деңгээлдер | | |
|---|---|---|---|
| | **Төмөнкү (репродуктив-дик, 1-60 балл)** | **Ортоңку (продуктив-дик, 61-80 балл)** | **Жогорку (чыгармачыл, 81-100 балл)** |
| **Мотивациялык** | -кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарына кызыкпайт; -каада-салттарды үйрөнүүгө мотивациясы жок; -кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын маанисин баалашпайт; -башка улуттун каада-салтын колдонууну каалабайт. | -кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарына кызыгуусу туруктуу эмес; -кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарын үйрөнүүгө болгон умтулуусу мотивдештириле элек; -кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын маанисин түшүнөт, бирок баалабайт. -башка улуттун каада-салтына дайыма эле көңүл бөлбөйт, ыңгайына жараша өздөштүрөт. | -кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттары тууралуу билим алууга кызыгат; -кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарын өздөштүрүүгө болгон аракети мотивацияланган; -кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын келечектеги кесиптик иш-аракетиндеги маанисин эң жакшы түшүнөт; -башка маданиятты, каада-салттарды колдонуп, сый-урмат менен мамиле кылат. |
| **Когнитивдик** | -кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттары жөнүндө жакшы билбейт, өз алдынча жооп | -кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттары жөнүндө түшүнүгү бар, бирок прогрессивдүү каада-салттарга | -кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттары боюнча билимдери калыптанган; -кыргыз-өзбек |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | бере албайт;<br>-кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарын колдоно албайт;<br>-кыргыз, өзбек элдеринин жаңы каада-салттары тууралуу жаңылыктарга кызыкпайт, умтулбайт;<br>көп маданияттуулук жөнүндө билими жок, студент үчүн актуалдуу эмес. | маани бербейт;<br>-кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттары тууралуу жаңы билим алууга дайыма умтулбайт;<br>-кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарын талдай албайт;<br>-көп маданияттуу коом жөнүндө түшүнүгү бар, бирок фундаменталдуу идеяларга таянбайт, студент көп маданияттуу чөйрө жөнүндө маалымат алуу үчүн өз алдынча изденбейт, аракеттенбейт. | элдеринин каада-салттарын таанып-билүүгө болгон кызыгуусу калыптанган, жаңы билимдерди алууга умтулат;<br>-кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарын талдоо билгичтиктерине ээ; кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарына байланышкан проблемаларды ажырата алат, аны үйрөнүүнүн жолдорун билет;<br>-көп маданияттуу коом жөнүндө билими терең, студент көп маданияттуу мейкиндиктин, маданияттар көйгөйлөрү менен тааныш, ошондой эле көп маданияттуу коомдун маалымат мейкиндигинде эркин багыт алат жана алынган маалыматка сын көз караш менен карайт. |
| **Баалоочу-мазмундук** | -кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарын колдоно билүүсүн өзүн-өзү баалай албайт;<br>-кыргыз-өзбек | -кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарын үйрөнүүгө болгон өзүнүн мүмкүнчүлүгүн билет, бирок баалабайт; | -кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттары боюнча билимин, өзүн-өзү баалап, өзү текшере алат;<br>-инсан катары жана кесиптик жактан |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | элдеринин каада-салттарын билүүнүн маанисин баалабайт; -кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарын билүү керектигин аныктай албайт. | -кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттары тууралуу дайым эле өз билимин толуктоого умтулбайт; -башка улуттун каада-салтын үйрөнгүсү келбейт, колдонууну каалабайт. | тарбиялануусунда кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын маанисин түшүнөт; -кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарын билүү керектигин аныктай билет. |
| **Иш-аракеттик** | -кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарын үйрөнүү боюнча ишин пландаштырбайт ; -кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарын үйрөнгөндүгүн өзү текшере албайт; -башка маданияттардын өкүлдөрүнө терс мамиле кылат. | -кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарын колдонуу боюнча тапшырылган ишти так аткарат, бирок өзү пландаштыра албайт; -кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарын колдонуу боюнча аткарган ишин туура талдай албайт. -жүрүм-турум нормалары толеранттуулукка негизделет, көп маданияттуу коомдо чыр-чатакты жоюуга далалаттанат. | -кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарын үйрөнүү боюнча өз ишин пландаштыра алат; -каада-салттарды колдонуу боюнча өз ишин текшерип жана талдай билет; -кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарын колдонгон ишинин жыйынтыгын өзү баалай алат. |

Изилдөөнүн максатына ылайык аныкталган педагогикалык шарттарды, теориялык моделдин натыйжалуулугун текшерүү максатында 2016-2022-жылдары өткөрүлгөн үч этаптан турган эксперименттин жүрүшү жана натыйжалары чагылдырылган. Аныктоочу этапта (2016-2018-жж.) ОшМУнун педагогика жана психология, Б. Сыдыков атындагы КӨЭАУнун гуманитардык-педагогикалык факультеттеринин студенттеринен эксперименталдык (ЭТ) жана текшерүүчү топтор (ТТ) түзүлдү (3.3-таблица).

**3.3-таблица – Эксперименталдык жана текшерүүчү топтор жөнүндө маалымат**

| Окуу жайы | Текшерүүчү топ (студент) | Эксперименталдык топ (студент) | Бардыгы (студент) |
|---|---|---|---|
| Ош МУ | 107 | 109 | 216 |
| КӨЭАУ | 72 | 76 | 148 |
| Бардыгы: | 179 | 185 | 364 |

Аныктоочу этапта болочок башталгыч класс мугалимдерин көп маданияттуулукка тарбиялоонун теориядагы жана практикадагы абалы айкындалды. Бул ишке таасир тийгизген факторлорду аныктоо максатында ЖОЖдордун башталгыч класс мугалимдерин даярдоочу факультеттеринин окуу программалары, окуу-тарбия ишинин мазмуну окутуучулардын иш тажрыйбалары үйрөнүлүп талдоого алынды. Бул максатта 125 башталгыч класс мугалимдеринин көп маданияттуулукка тарбияланыш деңгээлдери аныкталган критерийлер боюнча өлчөнүп бааланды. Сурамжылоого катышкан мугалимдердин 24%ы толук, 71%ы үстүртөн жооп беришсе, ал эми 5%ы жооп жазышкан эмес, көпчүлүгүнүн Кыргыз Республикасынын улут саясатынын стратегиялык концепциясы, улуттун өзүн-өзү идентификациялоосу, көп маданияттуулукка тарбиялоо боюнча үстүртөн маалыматтарга ээ экендиги аныкталды. Сурамжылангандардын көпчүлүгүнүн кыргыз жана өзбек элинин каада-салттарын үйрөнүү, алган билимдеринин өз педагогикалык ишмердүүлүгүндөгү ордун аңдоо, баалоо жаатындагы деңгээлдери айтаарлык деңгээлден төмөн. Эң башкысы бир чөлкөмдө аралаш жашап, жалпы орток баалуулуктары арбын өзбек элинин каада-салттарынын өзгөчөлүктөрү тууралуу жеткилең маалыматтары жок. Алар жогорку окуу жайда окуган мезгилинде бул багытта жеткиликтүү даярдык алышпагандыгын белгилешкен.

Изилдөөлөрдүн негизинде алардын көп маданияттуулукка тарбияланышындагы типтүү кем-өксүктөрдү аныктадык:

– көпчүлүк студенттер азыркы кездеги көп улуттуу Кыргыз Республикасы үчүн көп маданияттуулукка тарбиялоонун мааниси тууралуу айтып бере алышпайт;

– көпчүлүк студенттердин азыркы кездеги өлкөбүздүн улуттук саясатынын стратегиялык багыттары жана улуттук өзүн-өзү идентификациялоо тууралуу жеткилең маалыматтары жок;

– студенттердин көпчүлүгү кыргыз-өзбек элдеринин улуттук баалуулуктарынын жалпылыгы, окшоштуктары жана өзгөчөлүктөрү туурасында толук кандуу түшүнүгү жок;

– студенттер улуттар аралык мамилелешүүнүн маанисин билишсе дагы, мамилелешүүнүн билгичтиктерине жана көндүмдөрүнө ээ эмес;

– студенттердин айрымдары башка улуттардын салттык баалуулуктарын үйрөнүүгө кайдыгер мамиледе;

– студенттер башка улуттардын маданиятын, салттарын үйрөнүү жана ал тармакта өзүнүн инсандык жана кесиптик сапаттарын өнүктүрүүнүн ыкмаларын колдоно алышпайт.

– университеттердин окуу программаларынын мазмунунда болочок мугалимдерди көп маданияттуулукка тарбиялоо боюнча окуу материалдар жетишээрлик долбоорлонгон эмес;

Изилдөөнүн жүрүшүндө теориялык булактарга жана аныктоочу этапта алынган натыйжаларга таянуу менен "Болочок мугалимдерди окуучуларда көп маданияттуулукту калыптандырууга тарбиялоо" аттуу тандоо курсунун программасы иштелип чыкты.

**Калыптандыруучу этап** 2018-2021-жж. өткөрүлүп, эксперименталдык топтун студенттери көп маданияттуулукка тарбиялоо максатында иштелип чыккан моделдин жана педагогикалык шарттардын алкагында болушту. Моделдин логикасына ылайык "Ата Мекен тарыхы", "Кыргыз тили", "Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы", "Көркөм сүрөт өнөрүнүн негиздери", "Педагогиканын жалпы негиздери", "Тарбиялоо теориясы", "Педагогиканын тарыхы" сыяктуу гуманитардык циклдеги предметтер боюнча өтүлгөн лекциялардын, семинарлардын мазмунун кыргыз, өзбек элдеринин каада-салттарынын баалууктарын ачып көрсөтүүгө багытталган материалдар менен толукталды.

Бул процессте кыргыз жана өзбек элдеринин каада-салттарын чагылдырган фольклористикалык, этнопедагогикалык, этнопсихологиялык, прикладдык билимдердин өз ара биримдиги камсыз кылынды. Бул сабактарда жана аудиториядан тышкаркы мезгилдердеги тарбиялоо ишин толуктоо жана айрым жетишпеген жактарын компенсациялоо, бүтүндөштүрүү максатында калыптандыруучу этапта эксперименталдык топтун студенттери менен "Болочок мугалимдерди окуучуларда көп маданияттуулукту калыптандырууга тарбиялоо" деп аталган тандоо курсун окуу процессине киргиздик. Изилдөөбүздүн логикасына ылайык студенттердин көп маданиятты таануу жана алардан таасирленүүсүн арттырууга багытталган *аудиториядан тышкаркы иштердин* жеке, массалык жана топтук формалары уюштурулду. Бул иштердин алкагында өзгөчө студенттердин өздөрүнүн катышуусу менен даярдалып өткөрүлгөн эки элдин каада-салттарына байланыштуу викториналар, көркөм чыгармачылык кечелер, орток майрамдар, ролдук оюндар жана «Элдердин достугунун фестивалы» таасирдүү болоорун көрсөттү.

Биз тарабынан педагогикалык практиканын бардык этаптарынын мазмуну болочок мугалимдердин улуттар аралык мамилелешүү маданиятынын көндүмдөрүн өнүктүрүү багытында өнүктүрүлдү. Бул максатта ОшМУнун Педагогика жана психология факультетинин студенттери Ош шаарынын №50 П. Нышанов мектеп-гимназиясында өткөрүлгөн педагогикалык практика мезгилинде студенттер кыргыз-өзбек элдеринин улуттук баалуулуктарын чагылдырган аңгемелешүүлөрдү, чакан

дискуссияларды, көргөзмөлөрдү, элдик ырлардын конкурстарын жана башка иш-чараларды уюштурушкан.

**Жыйынтыктоочу этапта** (2021-2022-жж.) педагогикалык эксперименттин материалдары талданып системалаштырылды.

Изилдөөнүн алгачкы этабында болочоктогу башталгыч класс мугалимдеринин көп маданияттуулукка тарбиялангандыгынын компоненттери жана анын деңгээлдери аныкталган. *3.4-таблицадан* педагогикалык эксперименттин башталышында жүргүзүлгөн изилдөөдө эки топтун студенттери кыргыз-өзбек элдеринин улуттук баалуулуктары боюнча маалыматтарынын көрсөткүчтөрү бирдей болгондугун көрүүгө болот. Бул топтогу кыргыз-өзбек баалуулуктарын билүү боюнча жогорку денгээлдегилер – 21-22%, орточо –37%ды, төмөн – 42-43% ды түзгөн. Мындан бул окуу жайларда болочоктогу башталгыч класстын мугалимдерин көп маданияттуулукка тарбиялоо боюнча иштердии системалуу жүргүзүлбөгөндүгүн көрүүгө болот.

**3.4-таблица – Болочоктогу башталгыч класс мугалимдеринин кыргыз-өзбек элдеринин улуттук баалуулуктары жөнүндө маалыматы (% менен)**

| № | ЖОЖ | Топтор | Деңгээлдер | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Жогорку | | Орто | | Төмөн | |
| | | | Эксп. чейин | Эксп кийин. | Эксп. чейин | Эксп. кийин | Эксп. чейин | Эксп. кийин |
| 1. | **ОшМУ** | Т. т. (107) | 22% | 32 | 36% | 43 | 42% | 25 |
| | | Э. т. (109) | 21 | 46 | 35 | 42 | 44 | 12 |
| 3. | **Б. Сыдыков атындагы КӨЭАУ** | Т. т. (72) | 20% | 33 | 37% | 41 | 43% | 26 |
| | | Э. т. (76) | 23 | 48 | 38 | 39 | 39 | 13 |
| 4. | **Бардыгы:** | Т. т. (179) | 21 | 32 | 37 | 42 | 43 | 26 |
| | | Э. т. (185) | 22 | 47 | 37 | 41 | 42 | 13 |

Педагогикалык эксперименттин соңунда эксперименталдык жана текшерүүчү топто бул көрсөткүч айырмаланат. Эксперименталдык топтун студенттери тандаган эки улуттун улуттук баалуулуктарын эң жакшы билгендер жогорку деңгээли – 47%ды, ортоңку деңгээли – 41%ды, төмөнкү

деңгээл – 13%ды түзгөн. Алынган натыйжа эксперименталдык топтогу студенттер менен окуу тарбия ишинин алгылыктуу форма жана методдорун колдонуп өтүлгөндүгүнө байланыштуу болот. Бул көрсөткүч текшерүүчү топто жогорку деңгээл 32%, ортоңку деңгээл 42% жана төмөнкү деңгээл – 26%ды түзгөн. Изилдөөнүн жүрүшүндө студенттердин көп маданияттуулукка тарбиялангандыгынын компоненттеринин даярдык деңгээли аныкталды (3.5-таблица).

**3.5-таблица – Болочок башталгыч класстын мугалимдерин көп маданияттуулукка тарбиялангандыгынын компоненттеринин деңгээли (% менен)**

| Топтор / Компонент-тер | Эксперименталдык топ (109) | | Текшерүүчү топ (107 ) | |
|---|---|---|---|---|
| | **эксперименттке чейин** | **эксперименттен кийин** | **эксперименттке чейин** | **эксперименттен кийин** |
| **Мотивациялык Жогорку Ортоңку Төмөнкү** | 21%<br>54%<br>25% | 47%<br>34%<br>19% | 23%<br>53 %<br>24 % | 35%<br>43%<br>22% |
| **Когнитивдик Жогорку Ортоңку Төмөнкү** | 18%<br>36%<br>46% | 45%<br>36%<br>19% | 17%<br>38%<br>45% | 27%<br>41%<br>32% |
| **Баалоочу-мазмундук Жогорку Ортоңку Төмөнкү** | 23%<br>56%<br>21% | 44%<br>50%<br>6% | 21% %<br>53%<br>26% | 31%<br>49%<br>20% |
| **Иш-аракеттик Жогорку Ортоңку Төмөнкү** | 22%<br>60%<br>18% | 41%<br>49%<br>10% | 25%<br>57%<br>18% | 32%<br>39%<br>19% |

Эксперименталдык топто мотивациялык компонент аныктоочу этапта жогорку денгээл – 21%, ортоңку деңгээл – 54%, төмөнкү деңгээл – 25%ды көрсөтсө, калыптандыруучу этаптан кийин бул көрсөткүчтөр – 47%, – 34%, – 19% болгон. Текшерүүчү топто аныктоочу этапта жогорку деңгээл – 23%, ортоңку деңгээл – 53%, төмөнкү деңгээл – 24% болсо, калыптандыруучу этаптан кийин бул көрсөткүч 35% ,43%, 22% болгон.

Когнитивдик компонент эксперименталдык топто аныктоочу этапта жогорку денгээл – 18%, ортоңку деңгээл – 36%, төмөнкү деңгээл – 46% болсо, калыптандыруучу этапта бул көрсөткүчтөр – 45%, 36%, 19%ды түзгөн. Ал эми текшерүүчү топто калыптандыруучу этапта жогорку деңгээл – 17%, ортоңку – 38%, төмөнкү – 45% болсо калыптандыруучу этапта бул көрсөткүчтөр – 27%, – 41%, – 32% болгон.

Баалоочу-мазмундук компонент аныктоочу этапта эксперименталдык топто жогорку деңгээл – 23%, ортоңку – 56%, төмөнкү – 21% болсо, калыптандыруучу этаптан кийин бул көрсөткүч – 44%, 50%, 6% болгон. Бул көрсөткүч текшерүүчү топто аныктоочу этапта жогорку деңгээл – 21%, орто –53%, төмөн – 26% болсо, калыптандыруучу этаптан кийин 31%, 49%, 20% ды түзгөн.

Иш-аракеттик компонент аныктоочу этапта эксперименталдык топто жогорку деңгээл – 22%, ортоңку – 60%, төмөнкү – 18%ды түзсө, калыптандыруучу этаптан кийин бул көрсөткүч – 41%, – 49%, –10%ды түзгөн. Ал эми текшкерүүчү топто аныктоочу этапта бул көрсөткүчтөр – 25%, 57%,18% болсо, калыптандыруучу эксперименттин соңунда – 32%, 39%,19% болгон.

Бул айрымачылыктардын жана позитивдүү динамиканын башкы өбөлгөсү окуу жайда көп маданияттуулукка тарбиялоо боюнча максаттуу жүргүзүлгөн окуу тарбия иши экендигин көрүүгө болот.

Педагогикалык эксперименттин жыйынтыктарынын ишенимдүүлүгүн текшерүү үчүн биз тарабынан статистикалык критерий $x^2$ (Хи-квадрат) пайдаланылды. Биздин шартта градациянын саны үчкө барабар L=3 – “төмөнкү”, “ортоңку” жана “жогорку” студенттерди инсандык жактан калыптануусунун деңгээлдери [160, 15]. $x^2_{эмп}$ (Хи-квадраттын) эмпирикалык мааниси төмөндөгү формула менен аныкталат:

$$X^2_{эмп} = N \cdot M \cdot \sum_{i=1}^{L} \frac{\left(\frac{n_i}{N} - \frac{m_i}{M}\right)^2}{n_i + m_i}.$$

N – эксперименталдык группадагы студенттерди саны; M – контролдук группадагы студенттердин саны; L – градациянын саны; $n_i$ – эксперименталдык группадагы $i_{чи}$ алган студенттердин саны;$m_i$ – контролдук группадагы $i_{чи}$ алган студенттердин саны (i=1,2,3);

$x^2$ – критикалык мааниси 0,05 барабар.

Биздин учурда экспериментке чейин ОшМУнун педагогика жана психология факультетинин студенттерине $x^2_{эмп} = 0{,}03453$, ал эми Б. Сыдыков атындагы КӨЭАУнун гуманитардык-педагогикалык факультетинин студенттерине $x^2_{эмп} = 0{,}05417$ экендиги (1) формула аркылуу аныкталды. Эксперименттен кийин L-1=2

$x^2_{эмп} = 12{,}0969$ (ОшМУ), $x^2_{эмп} = 6{,}03231$ (КӨЭАУ) $x^2_{эмп} = 5{,}99$ таблицанын негизинде аныкталды.

L-1=2 болгон учурда $x^2_{0.05}$ маанилик даражасы таблицанын негизинде 5,99га барабар. ( $x^2_{0,05} = 5, 99$).

**3.6-таблица – А=0,05 маанилик даражасы үчүн $x^2$ (Хи квадраттын) критикалык маанилери**

| L-1 | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| X | 3,84 | 5,99 | 7,82 | 9,49 | 11,07 | 12,59 | 14,07 | 15,52 | 16,92 |

Педагогикалык эксперименттин аягында алынган сапаттык мүнөздөмөлөрдүн сандык көрсөткүчтөрү изилдөөдө негизделген модель менен шарттардын таасирдүүлүгүн ырастады.

## КОРУТУНДУ

Диссертациялык изилдөө ЖОЖдо болочок башталгыч класс мугалимдерин кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде көп маданияттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттарын илимий-теориялык жактан негиздөөгө арналган.

Изилдөөнүн натыйжасында төмөнкүдөй натыйжалар алынган:

1. Илимий-педагогикалык адабияттарды талдоонун негизинде башталгыч класс мугалимдерин көп маданияттуулукка тарбиялоонун социалдык, маданий теориялык өбөлгөлөрү айкындалган. Дүйнөлүк билим берүү практикасындагы көп маданияттуу билим берүү багытындагы актуалдуу тажрыйбалар жана педагогикалык идеялардын тарыхый ретроспективасына мүнөздөмө берилди. Дисциплиналар аралык алкакта “маданият”, “көп маданияттуулук”, “тарбиялоо” “көп маданияттуулукка тарбиялоо”, “көп маданияттуу билим берүү” сыяктуу түшүнүктөр алардын ортосундагы байланыштар талдоого алынып такталды. Көп маданияттуулук – болочок мугалимдин көп маданияттуу чөйрөдө ийгиликтүү жашап жана иштөөгө, маданий айырмачылыктарды туура кабыл алып, өзүнүн үлгүсү аркылуу жаш муундарда башка улуттардын каада-салттарын урматтоо, баалоо ыкласын жана алар менен өз-ара мамиледе толеранттуулугун тарбиялоого билим жана тажрыйба жактан жеткиликтүүлүгүнүн мүнөздөмөсү катары айкындалды.

**2.** ЖОЖдордо кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде болочок башталгыч класс мугалимдерин көп маданияттуулукка тарбияланышын алардын демократиялык баалуулуктарга, укуктук, жарандык коомдун артыкчылыктарына таянган, улуттук айрымачылыктарды урматтоо сезимин көп улуттуу чөйрөдө анын ичинде тарыхы, тили, тектеш өзбек улутунун өкүлдөрү менен өз ара сый-ызаат менен тынчтыкта жана ынтымакта жашоо жөндөмдүүлүгүнө ээ болушу катары аныктадык. Кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде болочок башталгыч класстын мугалимдеринин көп маданияттуулугунун түзүмү мотивациялык, когнитивдик, баалоочу-мазмундук, иш-аракеттик, компоненттердин өз ара биримдиги, сапаттык мүнөздөмөлөрү критерийлери, деңгээлдери катары аныкталды.

3. ЖОЖдордо кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде болочок башталгыч класс мугалимдерин көп маданияттуулукка тарбиялоо иши окуу-тарбия иштеринин мазмунун кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттары менен толуктоо, "Болочок мугалимдерди окуучуларда көп маданияттуулукту калыптандырууга тарбиялоо" деп аталган тандоо курсун киргизүү, көп маданияттуулукка тарбиялоого багытталган иш чараларга коомчулуктун кеңири массасын тартуу, маалыматтык технологиянын мүмкүнчүлүктөрүн кеңири колдонуу сыяктуу педагогикалык шарттарды камсыз кылуудан көз карандылыгы тастыкталды.

ЖОЖдордо кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде болочок башталгыч класс мугалимдерин көп маданияттуулукка тарбиялоонун түзүмдүк компоненттерин реалдуу педагогикалык процессте жүзөгө ашыруунун педагогикалык шарттарын, методдор жана каражаттар системасын жалпылаштыруунун негизинде анын теориялык модели түзүлдү.

Үч этаптан турган эксперименталдык-тажрыйба иштеринин натыйжаларынын динамикасы биз тарабынан айкындалган педагогикалык шарттардын жана моделдин эффективдүүлүгүн ырастады.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР:

1. Болочок башталгыч класс мугалимдерин көп маданияттуулукка тарбиялоонун таасирин жогорулатуу үчүн изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталган педагогикалык шарттарды, теориялык моделди, форма жана методдорду чыгармачылык менен практикада пайдалануу зарыл.
2. Болочок башталгыч класстын мугалимдерин даярдоо адистиктеринин окуу планындагы гуманитардык дисциплиналардын мазмуну көп маданияттуулукка тарбиялоого өбөлгө болуучу окуу-маалыматтык ресурстар менен байытууга муктаж.
3. «Болочок мугалимдерди окуучуларда көп маданияттуулукту калыптандырууга тарбиялоо» деп аталган тандоо курсун педагогикалык окуу жайларда, мугалимдердин билимин өркүндөтүү курстарында колдонууну сунуштайбыз.
4. Мугалимдер жана студенттер үчүн улуттук баалуулуктар, каада-салттар, көп маданияттуулукка тарбиялоо боюнча окуу-методикалык куралдарды даярдоо зарыл.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА жарыяланган эмгектердин тизмеси:

1. **Джоошбекова, З. Р.** Балдарды тарбиялоонун этностук өзгөчөлүктөрү [Текст] / З. Р. Джоошбекова // Наука, технологии и инновации Кыргызстана. – 2018. – №6. – С. 159-162. https://www. elibrary. ru/item. asp?id=36423570
2. **Джоошбекова, З. Р.** Билим берүү системасындагы көп маданияттуулукка тарбиялоо ) [Текст] / З. Р. Джоошбекова, Д. Б. Бабаев, А.

Р. Джоошбекова // Ош МУнун Жарчысы. – 2020. – №4. – 25-32-бб. https://elibrary. ru/item. asp?id=45777444

3. **Джоошбекова, З. Р.** Көп маданияттуулукка тарбиялоодо кыргыз жана өзбек элдеринин каада-салттарынын тийгизген таасирлери [Текст] / З. Р. Джоошбекова, К. А. Эргешова, А. Т. Зулушова // ОшМУнун Жарчысы. – 2021. – №4 (Т. 2). – 138-145-бб. https://www. elibrary. ru/item. asp?id=47956214

4. **Джоошбекова, З. Р.** Сабирова М. М. , Мамытова М. Ж. Манас-кыргыз элинин түгөнбөс руханий байлыгы [Текст] / З. Р. Джоошбекова, М. М. Сабирова, Ж. М. Мамытова // ОшМУ Жарчысы. – 2006. – №4. – 93-95-бб.

5. **Джоошбекова, З. Р.** Взгляды и трактовка поликультурного образования в зарубежных педагогических концепциях [Текст] / З. Р. Джоошбекова, Д. Б. Бабаев // Вопросы устойчивого развития общества. Электронный научный журнал. – Выпуск 4. – Махачкала, 2021. – №4. – С. 476-484. https://www. elibrary. ru/item. asp?id=45672537

6. **Джоошбекова З. Р. ,** Бабаев Д. Б. Основные подходы ученых и исследователей к определению понятия «толерантность» в поликультурном воспитании [Текст] / З. Р. Джоошбекова, Д. Б. Бабаев // Актуальные тренды в современном образовании / Сборник научных трудов. – Саратов, 2022. – Ч. 1. – С. 43-48.

7. **Джоошбекова, З. Р.** Улуттук каада-салттардын жана үрп-адаттардын негизинде болочок мугалимдерди көп маданияттуулукка тарбиялоо [Текст] / З. Р. Джоошбекова // Ala Too Academik Studies. – 2022. – №2. – 255-261-бб. https://www. elibrary. ru/item. asp?id=49469562

8. **Djooshbekova, Z. R.** Role of Pedagogical Conditionsin OrganizingStudents Independent Work using Information Communicative Technologiesand Educating Future Teachers to Multiculturalism through Folk Traditionsand Rituals [Текст] / Z. R. Djooshbekova, Ch. Tynybekov, S. Kochkonbaeva // Journal of Positive School Psychology. – 2022. – Vol. 6. – No. 4. – P. 10052-10059. https://journalppw. com/index. php/jpsp/article/view/6307

9. **Джоошбекова, З. Р.** Болочок мугалимдердин көп маданияттуулукка тарбиялоо көйгөйүнүн илимий-педагогикалык адабияттарда изилдениши [Текст] / З. Р. Джоошбекова // Наука, новые технологии Кыргызстана. – 2022. – № 2. – 187-190-бб. https://elibrary. ru/item. asp?id=49605791

10. **Джоошбекова З.** Р. Окуу тарбия процессинде студенттерди кесиптик жактан калыптандырууда көп маданияттуу толеранттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары [Текст] / З. Р. Джоошбекова // ЖАМУнун Жарчысы. – 2023. – №1. – 91-98-бб. https://elibrary. ru/item. asp?id=52079866

11. **Джоошбекова, З. Р.** Болочок башталгыч класстын мугалиминин көп маданияттуулукка тарбияланышындагы педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары [Текст] / З. Р. Джоошбекова. // Ala Too Academik Studies. – 2023. – №2. – 70-77-бб. https://www. elibrary. ru/item. asp?id=54151650

**Джоошбекова Зинагүл Рысбаевнанын «Болочок мугалимдерди көп маданияттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары (кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын мисалында)» аттуу темадагы 13. 00. 01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** болочок мугалим, жогорку окуу жайы, маданият, көп маданияттуулук, тарбиялоо, калыптандыруу, каада-салт, педагогикалык шарт, модель, эксперимент.

**Изилдөөнүн максаты**: болочок башталгыч класс мугалимдерин кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде көп маданияттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттарын аныктоо жана эксперимент аркылуу текшерүү.

**Изилдөөнүн обьектиси** – жогорку окуу жайларда мугалимдерди тарбиялоо процесси.

**Изилдөөнүн предмети** – болочок башталгыч класс мугалимдерин кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын мисалында көп маданияттуулукка тарбиялоонун педагогикалык шарттары.

**Изилдөөнүн методдору:** илимий адабияттарды талдоо; окуу-тарбиялык иш кагаздарын “документ анализи” методу менен талдоо, байкоо жүргүзүү; аңгемелешүү, анкета алуу, тестирлөө, сурамжылоо; педагогикалык эксперимент; математикалык методдор.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы:** ЖОЖдо болочок башталгыч класс мугалимдеринин кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде көп маданияттуулукка тарбиялоо теориялык жактан негизделип, «көп маданияттуулук» мугалимдин инсандык жана кесиптик интегралдык сапаты катары аныкталды; болочок башталгыч класстын мугалимдеринин көп маданияттуулугунун түзүмдүк компоненттери (мотивациялык, когнитивдик, баалоочу-мазмундук, иш-аракеттик), критерийлери, көрсөткүчтөрү жана (төмөнкү, ортоңку, жогорку) деңгээлдери негизделип, айкындалды; болочок башталгыч класс мугалимдерин кыргыз-өзбек элдеринин каада-салттарынын негизинде көп маданияттуулукка тарбиялоо процессинин натыйжалуулугун камсыз кылган педагогикалык шарттар, теориялык модель иштелип чыкты жана натыйжалуулугу педагогогикалык экспериментте тастыкталды.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** Изилдөөнүн теориялык жоболорун жана методикалык материалдарын болочок башталгыч класс мугалимин көп маданияттуулукка тарбиялоону өркүндөтүү үчүн ЖОЖдо окутуучулар окуу-практикалык иштеринде колдоно алышат.

**Пайдалануу чөйрөсү**: “Педагогикалык билим билим берүү” багытына караштуу “Башталгыч билим берүүнүн педагогикасы жана методикасы” бакалавр программасынын окуу тарбия процесси.

# РЕЗЮМЕ

**диссертационного исследования Джоошбековой Зинагүл Рысбаевны на тему: "Педагогические условия поликультурного воспитания будущих учителей. (на примере традиций кыргызского, узбекского народов)" по специальности 13. 00. 01 – общая педагогика, педагогика и история образования на соискание ученой степени кандидата педагогических наук**

**Ключевые слова:** будущий учитель, вуз, культура, поликультурность, воспитание, формирование, педагогические условия, модель, эксперимент.

**Цель исследования:** определить и экспериментально проверить педагогические условия воспитания будущих учителей начальных классов к поликультурности на основе традиций кыргызско-узбекских народов.

**Объектом исследования:** учебно-воспитательный процесс в вузе.

**Предметом исследования:** педагогические условия воспитания будущих учителей начальных классов к поликультурности.

**Методы исследования:** анализ источников и учебно-воспитательной документации методом “анализ документов”, наблюдение, мониторинг; интервью, анкеты, тесты, опросы; педагогический эксперимент; математические методы.

**Научная новизна полученных результатов:** теоретически обосновано поликультурное образование будущего учителя начальных классов в вузе на основе традиций кыргызского и узбекского народов, его содержание, сущность, воспитательный потенциал, понятие «поликультурализм» и его сущности, структурной структуры компонентов поликультурности будущего учителя начальных классов, критериев, показателей и среды, уровней, педагогических условий, обеспечивающих результат, разработана теоретическая модель и проверена на основе педагогического эксперимента.

**Рекомендации по применению.** Теоретические положения и методические материалы исследования могут быть использованы преподавателями вузов в своей учебно-практической работе для совершенствования поликультурного воспитания будущих учителей начальных классов.

**Сфера применения.** Использование разработанного специального курса «Обучение будущих учителей развитию поликультурности учащихся” на курсах повышения квалификации учителей начальных классов будет полезно для учителей начальных классов в воспитании учащихся к поликультурности.

## SUMMARY

**dissertation research Dzhooshbekova Zinagul Rysbaevna "Pedagogical conditions for the multicultural education of future teachers. (on the example of Kyrgyz and Uzbek traditions)" 13. 00. 01 – general pedagogy, pedagogy and history of education for the degree of candidate of pedagogical sciences**

**Key words:** future teacher, university, culture, multiculturalism, education, formation, pedagogical conditions, model, experiment.

**The purpose of the study:** to determine and experimentally test the pedagogical conditions for the education of future primary school teachers for multiculturalism based on the traditions of the Kyrgyz-Uzbek peoples.

**The object of the study:** the educational process at the university.

**Subject of research:** pedagogical conditions for the education of future primary school teachers of multiculturalism.

**Research methods:** analysis of philosophical, pedagogical, psychological, sociological literature; monitoring; interviews, questionnaires, tests, surveys; pedagogical experiment; mathematical methods.

**Scientific novelty of the results obtained**: theoretically substantiated the multicultural education of the future primary school teacher at the university based on the traditions of the Kyrgyz and Uzbek peoples, its content, essence, educational potential, the concept of "Polyculturalism" and its essence, the structural structure of the components of the polyculturalism of the future teacher primary classes, criteria, indicators

**Recommendations for use.** Theoretical provisions and methodological materials of the study can be used by university teachers in their educational and practical work to improve the multicultural education of future primary school teachers.

**Scope of application.** The use of the developed special course "Training future teachers in the development of multiculturalism of students" at the advanced training courses for primary school teachers will be useful for primary school teachers in educating students to multiculturalism.

Формат 60x84 1/16. Печать офсетная.
Бумага офсетная. Объем 1.5 п. л.
Тираж 100 экз.

Отпечатано в типографии
Ж.И. «Сарыбаев Т.Т.»
720040, Бишкек, ул. Манаса, 101.
+996 708 05 83 68